## Педагогикалык кеңешме

Токтом № 1

көчүрмөсү

26-август 2022-жыл

Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

Баардыгы-18

Катышканы-15

Катышпаган муг-1

**Күн тартибинде:**

1. Уюштуруучу педкеңешме 2021-2022-окуу жылындагы мектептин ишинин анализи
   2022-23-окуу жылына карата мектептин максаттары жана милдеттери.
2. Мектептин жаңы оку жылына даярдыгы
   - Мектептин жаңы окуу жылына даярдыгы.
   -Мектептин иш планын бекитүү.
   -Кадрлар менен камсыз болушу.
   - Класстарды комплектилөө.
   - Мектептин иштөө режимин бекитүү.
3. Мектептин китеп менен камсыз болушу.
   5-6-класстардын окуучуларына китепти арендага берүү жана бошотуу жөнүндө.
4. Базистик окуу планын бекитүү жөнүндө.
5. Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу укуктук нормативдик актыларды бекитүү.
6. Мугалимдердин ишиндеги жаңылануулар.
7. Мектепке компоненттик саатты киргизүү жөнүндө.

**Угулду:**

Мектептин мүдүрү: Турунов Мирлан Сардарбекович мугалимдерге 2021-2022-окуу жылындагы окуу, тарбия иштери боюнча жазылган анализди тааныштырды.

2021-2023-окуу жылында 18мугалим анын ичинен 2 мугалим көмөкчү болуп эмгектеништи. Окуучулардын саны окуучу. Жылдын жыйынтыгы боюнча 1-4-класстар арасында 10 отличник,10ударник окуучу болду.

Мектептин жалпы билим сапаты 29,6 % түздү

1-9-класстын окуучулары Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин 2021-жылдын август уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде окутулду. 1-9-класстар боюнча баардык предметтерден окуу программасы толугу менен аткарылды.

2021-2022-окуу жылында мектеп ичинде бардык предметтер боюнча олимпиада өткөрүлүп жеңүүчүлөр аныкталган.

Мектеп ичинде аныкталган жеңүүчүлөр райондук олимпиадага даярдык көрүшүп, Райондук «Ынтызар» олимпиадасынан 4-класстын окуучусу Турдуев Ислам математика сабагынан 3-орунду ээледи.

Ал эми 8-9-класстар арасында предметтер боюнча олимпиадада 8-класстын окуучусу Абдыбекова Айша математика сабагынан 4-орунду ээлеп, келээрки жылга резерв окуучулардын арасына киргизилип, 2022-2023-окуу жылынын сентябрь айынан баштап олимпиадага күчөтүлгөн тартипте даярдыктарды көрүп, мындан да бийик орундарга ээ болууга максат коюлду.

Мугалимдердин өз билимин жогорулатуу боюнча РИПК план боюнча 13 мугалим барып келди, 6 мугалим класс жетекчилик боюнча онлайн окушту. Баардык башталгыч класстын мугалимдери «Окуу керемет» долбоору боюнча онлайн жана офлайн режимде сабактарды окуп жатышты.

**Жаңы окуу жылына карата мектеп жамаатынын милдеттери.**

1. Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштөө.
2. Шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иштөөү күчөтүү.
3. Начар окуган окуучулардын билим сапатын көтөрүү максатында кошумча сабактарды өткөрүү.
4. Мектеп ичиндеги көзөмөлдүү күчөтүү.
5. «Энелер мектебин» ачуу менен ата-энелердин милдетин күчөтүү.
6. Өзүн-өзү башкаруу уюмунун деңгээлин көтөрүү.
7. Мектептин материалдык, техникалык базасын чыңдоо.

**Жаңы окуу жылына коюлган максаттар:**

«Окуучуларды ар тараптан билим сапатын өстүрүү»

Ушул максаттын негизинде ар бир мугалимге билим сапатынын деңгээлин көтөрүүгө жана ар кандай учурдун талабына жооп берген интернет булактары менен байланышкан программаларды үйрөнүп, сабактарында колдоно билүүсү жана окуучуларга үйрөтүү талабын коюу менен төмөнкүдөй чечим чыгарылат

**Чечим:**

5-9-класстар арасында окула турган предметтер көзөмөлгө алынсын жана жаңы окуу жылына карата кабыл алынган милдеттер ишке ашырылсын.

**2-маселе боюнча**: Окуу бөлүмүнүн башчысы: Кадырова Элизат Жайлообаевна төмөнкүдөй билдирүүнү жасады:Быйылкы окуу жылынын планы талкууланып, өзгөртүүлөр менен бекитүүгө сунушталды.

2022-2023-окуу жылына карата кадрлар менен камсыз болушу боюнча

| № | Мугалимдердин аты-жөнү | сабактары | |
|---|---|---|---|
| 1 | Турунов Мирлан | денетарбия | 10саат |
| 2 | Кадырова Элизат | математика | 18 (4) |
| 3 | Джамангулова Калира | баш.кл | 16 |
| 4 | Абдуллаева Гүлнара | орус тили | 14 |
| 5 | Абдыбекова Калиман | тарых | 17 |
| 6 | Жусубакунова Жумагүл | география | 10 |
| 7 | Жолдошбекова Гүлнур | баш.кл | 16 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | Исламбек к Асель | баш.кл | 16 |
| 9 | Мурсаева Гүлназ | баш.кл | 16 |
| 10 | Карасартова Гүлнара | баш.кл | 16 |
| 11 | Мусаходжоев Эрик | денетарбия | 12 |
| 12 | Шайлообек к Айпери | баш.кл | 16 |
| 13 | Сейтказиева Эльмира | орус тили | 19 |
| 14 | Джолдошбекова Жанара | кыргыз тили | 18 |
| 15 | Абдылдаева Бактыгүл | кыргыз тили | 18 |
| 16 | Көчөрбаева Гүланда | англис тили | 21 |
| 17 | Көбөгөнова Анара | физика | 14 |
| 18 | Мусуралиева Айжамал | химия,биология | 18 |

Вакантка- музыка жана технология сабактары коюлду.

**Класстарды комплилектилөө:**

| № | Класстар | Саны |
|---|---|---|
| 1 | 0 класс | 15 |
| 2 | 1-класс | 19 |
| 3 | 2-класс | 13 |
| 4 | 3 а класс | 13 |
| 5 | 3 б класс | 12 |
| 6 | 4-класс | 16 |
| 7 | 5-класс | 16 |
| 8 | 6 а класс | 14 |
| 9 | 6 б класс | 14 |
| 10 | 7-класс | 20 |
| 11 | 8-класс | 12 |
| 12 | 9-класс | 11 |

**Мектепте иштөө режимин бекитүү:**
Мектептин иштөө режими Билим берүү бөлүмү тарабынан макулдашылып бекитилди.

**Чечим:**

2.1. Билим берүү мыйзамынын аткарылышын канаттандыраарлык деп табылсын

2.2. 2022-2023-окуу жылына карата мугалимдерге жогоркудай сааттар бөлүштүрүлүп, тарификациядан өткөрүлсүн.

**3-маселе боюнча:** Таштанбекова Гүлнур китепкана боюнча жазылган маалыматтын окуп, тааныштырды.
Китепкананын фондусунда жалпы 2380 китеп бар, анын ичинен

160 китеп көркөм, 220 китеп методикалык жана 1696 китеп окуу китептери бар. Жаңы окуу жылына 1-9-класстарга окуу китептери таратылып берилди.

**Чечим:**

Жогоруда айтылган маалыматтын негизинде китепканачынын маалымдамасы канаттандыраарлык деп табылсын.

**4-маселе боюнча** Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5.08 №1529 буйругу менен бекитилген. Жалпы билимс берүү уюмдарынын Базистик окуу планын ишке ашыруу максатында Чүй Токмок Билим берүү бөлүмү менен макулдашылып 2022-жылдын сентябрь айында Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин директору тарабынан бекитилди.

**Чечим:**

2022-2023-окуу жылында жалпы билим берүү уюмдарынын Базистик окуу планы бекитилсин.

**5-масел боюнча:** мектептин директору Турунов Мирлан С сөз сүйлөп 2022-23-окуу жылында мектептин ишмердүүлүгүн уюштуруу максатында төмөнкүдөй жоболор , локалдык, нормативдик актылар мене ниш алып барышат.

1. Усулдук бирикмелер боюнча
2. Шыктуу окуучулар менен иштөө
3. Насаатчылык ишти уюштуруу боюнча
4. Олимпиаданы өткөрүүнүн жоболору
5. Класс жетекчилик жана башка нормативдик укуктук актылар пайдаланылат.

**Чечим:**

Жогоруда айтылган жоболор, локалдык, нормативдик актылар бекитилсин.

**6-маселе боюнча:** Окуу бөлүмүнүн башчысы Кадырова Э.Ж 2022-23-окуу жылында мугалимдер жамааты компьютер менен иштеп, керектүү кошумча маалыматтарды интернеттен алуу , Окутуунун заманбап ыкмаларын колдонуу жана башталгыч класстын мугалимдери «Окуу керемет» долбоорунан үйрөнүп жаткан ыкмаларды колдонууда.

**Чечим:**

Мугалимдер заманбап техника менен иштөөсүн күчөтүшсүн

**7-маселе боюнча:** Мектепке компоненттик саатты киргизүү үчүн окуучулардан сурамжылоо Анкетасы алынып жыйынтыгында анкеталык суроолорго 32 окуучу жооп берген. Анын ичинен сабактардын кереги бар деп 28 окуучу жооп берип, гуманитарлык циклдагы сабактардын ичинен орус тили жана адабиятты тандаган 21 окуучу аныкталды. 7 окуучу так илимдердин предметтерин тандаган, 84окуучу билбейм деген позицияда болгон тандоо боюнча предметтер боюнча тапшырмаларды кызыгуусу менен аткарганын 24окуучу аныкталган. Анкеталык сурам жылоонун негизинде окуучулардын тандоосу боюнча мектеп компоненттеги сааттар кыргыз тили жана адабияты предметине 5-8-класстарга ыйгарылды

**Чечим:**

7.1. Мектепке компоненттик саат кыргыз тили жана адабият предметине 5-8-класстарга киргизилсин.
7.2 Жоопту болуп Абдылдаева Бактыгүл Шакеновнага бекитилсин.

Мектептин мүдүрү Турунов М.С
Катчысы: Исламбек к А